Х.НУРМАТОВ, Н.НАРХОЖАЕВ

# МУЗЫКА

**Жалпы орто билим берүүчү мектептердин 2-классы үчүн окуу китеби**

Кайра иштелген 6-басылышы

*Өзбекстан Республикасынын Элге билим берүү министрлиги басууга сунуш кылган*



Гафур Гулам атындагы басма-полиграфиялык чыгармачылык үйү
Ташкент – 2018

**УЎК 372.878 (075)**
**КБК 74.266.7**
**Н 94**

Р е ц е н з е н т т е р :

**Г. Уалиева** – Низами атындагы ТМПУнин алдындагы ТЭББККД-БӨКБ Теориялык предметтер жана мектептен тышкары билим берүү методикасы кафедрасынын улук окутуучусу.

**Рано Худёорова** – Ташкент шаары, Сергели районундагы 277-сандуу жалпы орто билим берүүчү мектептин музыка маданияты предмети мугалими;

**У.Мирзахмедов** — Ташкент облусу, Бостондук районундагы 2-жалпы орто билим берүүчү мектептин музыка маданияты предмети мугалими.

**«Республикалык максаттуу китеп фондунун каражаттары эсебинен басылды».**

**Х.Нурматов, Н.Нархожаев**

**Музыка:** 2-класс үчүн окуу китеби. Кайра иштелген 6-басылышы. Гафур Гулам атындагы басма-полиграфиялык чыгармачылык үйү, 2018. –72 б.
1. 1,2 Автордош

**УЎК 372.878 (075)**
**КБК 74.266.7**

© **Х.Нурматов, Н.Нархожаев.**
© **Гафур Гулам атындагы басма-полиграфиялык чыгармачылык үйү, 2018**

**ISBN 978-9943-5290-7-6**

# МЕКЕНИБИЗДИН ГИМНИН ЫРДАЙБЫЗ



## ӨЗБЕКСТАН РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МАМЛЕКЕТТИК ГИМНИ



Сөзү *Авдулла Ариповдуку* Музыкасы *Мутал Бурхановдуку*

Serquyosh, hur o‘lkam, elga baxt, najot,
Sen o‘zing do‘stlarga yo‘ldosh, mehribon!
Yashnagay to abad ilm-u fan, ijod,
Shuhrating porlasin toki bor jahon!

Кайырма:

Oltin bu vodiylar — jon O‘zbekiston,
Ajdodlar mardona ruhi senga yor!
Ulug‘ xalq qudrati jo‘sh urgan zamon,
Olamni mahliyo aylagan diyor!

Bag‘ri keng o‘zbekning o‘chmas iymoni,
Erkin, yosh avlodlar senga zo‘r qanot!
Istiqlol mash’ali, tinchlik posboni,
Haqsevar, ona yurt, mangu bo‘l obod!

Кайырма:

Oltin bu vodiylar — jon O‘zbekiston,
Ajdodlar mardona ruhi senga yor!
Ulug‘ xalq qudrati jo‘sh urgan zamon,
Olamni mahliyo aylagan diyor!

# МУЗЫКА БӨЛМӨСҮ





## ЫРДОО ЭРЕЖЕЛЕРИ

1. Ырдаганда тулку бойду тик кармап, эркин туруу керек.

2. Ырды жумшак, жай жана кыйкырбастан ырдагыла. Сөздөрдү анык, так аткаргыла.

3. Ырдаганда үндүү тыбыштарды созуп ырдагыла.

4. Демиңерди үнөм менен чыгарып, сүйлөмдүн аягына чейин жеткиргиле.

5. Топ болуп ырдаганда досторуңар менен тең ырдагыла.

6. Ырдоо убагында мугалимиңердин кол аракеттерине карап, анын көрсөтмөлөрүн так аткаргыла.


7. Ырдаганда алгач ырдын мазмунун жакшылап түшүнүп алгыла.

**Ырды ырдайбыз**

# VATANJONIM – VATANIM

Сөзү *П. Момундуку* Музыкасы *Д. Амануллаеваныкы*

**Орточо ылдам**




Vatanjonim – Vatanim,
Ko‘zim quvnab ko‘rganim.
Istiqloldan kulganim,
O‘zbekiston – gulshanim!


Bahra olib bag‘ringdan,
Ulg‘ayaman mehringdan.
Vatanjonim – Vatanim,
O‘zbekiston – gulshanim.




## КАЙТАЛОО

### НОТА СЫЗЫГЫ. НОТАЛАРДЫН ЖАЗЫЛЫШЫ ЖАНА АТАЛЫШЫ


Музыкалык добуштар нота менен жазылат. Ноталар жазыла турган беш сызык НОТА СЫЗЫГЫ деп аталат.



Нота сызыгынын башына СКРИПКАЛЫК АЧКЫЧ коюлат.




СКРИПКАЛЫК АЧКЫЧ нота сызыгынын экинчи сызыгын ороп алгандыгы үчүн ушул сызыкка жазыла турган нота да СОЛЬ НОТАСЫ деп аталат.



СОЛЬ НОТАСЫ

Музыкада жети нота бар, алар нота сызыгынын беш сызыкчасына жайгашкан жана төмөнкүчө аталат:






# МУЗЫКА БИЗДИН ЖАШООБУЗДА

**Угабыз жана музыканын коштоосунда аракеттерди жасайбыз**

## USMONIYA

(Марш сымал кадам менен коштойбуз)

*Өзбек элдик күү*






## КАЙТАЛОО

## КАНДАЙ ДОБУШТАРДЫ БИЛЕСИҢЕР?

**Шуулдаган добуштар**









**Музыкалык добуштар**





Кандай добуштар шуулдаган добуштар дейилет?

Кандай добуштар музыкалык добуштар дейилет?

# ЖЕКЕ АТКАРУУЧУЛУК



Бир аспапта аткарылган күү **ЖЕКЕ АТКАРУУЧУЛУК** дейилет.

**Жеке аткаруучулукта музыка угабыз**

## QASHQARCHA

*Өзбек элдик күү*

**Ылдам**



# МЕКТЕБИМ

Сөзү *Т. Тыныбековдуку* Музыкасы *М. Абдраевдики*





Жаш денемди чыңалтып,
Болоттой бек ширеткен.
Билим кени мектебим,
Алпештеген энем сен.

Күндө ачып барагын,
Китебиме карадым.
Акыл сезим өркүндөп,
Алга кетип барамын.

Айланаңдан кетпеймин,
Ар убак сени эстеймин.
Билим берип өстүргөн,
Билим кени мектебим.


# НОТАЛАРДЫН БӨЛҮНҮШҮ

Ноталар түрдүү созулуштарда болот. Алар узун-кыскалыгы менен бири-биринен айырмаланат.




Бүтүн нота бүтүн алмага тең.

Жарым нота жарым алмага тең.









Ноталар кандай созулушта экендигин өз алдынча аныктагыла.



# КОШТООЧУЛУК



Эки аспапта биргеликте күүнүн аткарылышы **КОШТООЧУЛУК** деп айтылат.

**Музыка угабыз**

## SANAM UFORISI

*Өзбек элдик күү*





**Ырды ырдайбыз**

# МАМАЛАК

Сөзү *К. Урманбетовдуку*

Музыкасы *С. Момбековдуку*




Топ бадалды аралап,
Тоодон терет карагат.
Көп жеп алып «ичим» дейт,
Көзүнөн жаш салаалап.

*Мамалак, мамалак,*
*Ыйлап жатат «мамалап».*

Күлбөгүлө табалап,
Кайра үйүн таап алат.
Тентек кылбай экинчи,
Досум болот мамалак.

# НОТА СЫЗЫГЫНДА ЖАЙГАШКАН НОТАЛАР

Ноталар ар түрдүү жазылат:


а) сызыктардын үстүндө жайгашкан ноталар;

б) сызыктардын ортосунда жайгашкан ноталар;


в) сызыктардын астында жана үстүндө жайгашкан ноталар;

г) кошумча сызыктардын үстүндө жайгашкан ноталар.


а)




б)



в)



г)



# БИЗ МУЗЫКАНЫ СҮЙӨБҮЗ

### Ырды угабыз

## OTA-ONALARGA

Сөзү Е. Рахимовдуку Музыкасы Г. Кадыровдуку




Onam desam ko'zimga
Bog'bon kelar, bog' kelar.
Doim tayanch o'zimga,
Yulduz o'pgan tog' kelar.

Toshqinligin soy deyman,
Arzir daryo yon bersa.
Chiroyini oy deyman,
Arzir dunyo tan bersa!

## Ырды ырдайбыз

# ТАРАНЧЫ

Сөзү *А. Рыскуловдуку* Музыкасы *Э. Сасыбаевдики*

**Орточо**




Карга муну билиптир,
“Карк, карк” этип күлүптүр.
Таранчыны шылдыңдап,
“Таз болот!” – деп жүрүптүр.

Кабар тарап кетиптир,
Көк жоруга жетиптир.
“Таранчыга чакалай
чыгат” – деп ал чечиптир.

Таранчынын жоругун
Кимиң кандай жорудуң?
Айткандары туурабы
Карга мене жорунун?

# БУЛАР КИМДЕР?







## Суроо жана тапшырмалар

1. Өзбекстан Республикасынын Мамлекеттик гимнинин музыкасын ким жазган?

2. Гимнди кандай абалда угуу керек?

3. Ырдаганда кандай эрежелерге көңүл буруу керек?

4. Кандай добуштарды билесиңер?

5. «Vatanjonim – Vatanim» ырынын мазмунунда эмне тууралуу айтылган?

6. Жеке аткаруучулук деп эмнеге айтылат?

7. Коштоочулук деп эмнеге айтылат?

8. Ноталардын аттарын айтып бергиле.

9. Ноталардын созулушун жана бөлүнүшүн айтып бергиле.

10. Силерге кандай ырлар жана күүлөр көбүрөөк жакты?



## АТКАРУУЧУЛАР АНСАМБЛИ

Эки же андан көп аткаруучулардын чогуу ырдашы – аткаруучулар ансамбли дейилет.



## FARG‘ONACHA

*Өзбек элдик күү*

**Орточо ылдам**



## Ырды ырдайбыз

# KITOBIM QO‘LIMDA

Сөзү *П. Момундуку* Музыкасы *Н. Нархожаевдики*




Kitobim ajoyib,
Juda ko‘p she’ri bor.
Eng yaxshi odoblar
Yozilgan yeri bor —
She’ri bor.

Kitobim qo‘limda,
Ma’nosi ko‘nglimda.



Кайырма:

## НОТАЛАРДЫН СОЗУЛУШУНУН САНАЛЫШЫН ҮЙРӨНӨБҮЗ



Бүтүн нота 1 и, 2 и, 3 и, 4 и ге саналат.



Жарым нота 1 и, 2 и ге сана лат.




Чейрек нота 1 и ге саналат.



Сегиздик нота 1 же и ге саналат.

## НОТАЛАРДЫН АТЫН ЖАНА СОЗУЛУШУН ӨЗҮБҮЗ АНЫКТАЙБЫЗ ЖАНА САНАЙ-БЫЗ



# АСПАПЧЫЛАР АНСАМБЛИ

## Музыка угабыз

## NORIM-NORIM

*Өзбек элдик күү*






## Ырды ырдайбыз

# YURTIM CHIROYLI

Сөзү *П. Талибдики* Музыкасы *Н. Нархожаевдики*

**Орточо ылдам**



# АСПАПТАРДЫ АЙЫРМАЛАГЫЛА



# БАЛДАР АНСАМБЛИ

**Ырды угабыз**

## ЖАҢЫ ЖЫЛ ЖЫЛМАЯТ

Сөзү *Д. Жамансартованыкы*
Музыкасы *К. Эралиеваныкы*






## Ырды ырдайбыз

# ARCHA BAYRAMI

Сөзү *А. Рахматовдуку* Музыкасы *Ик. Акбаровдуку*




Shamol oppoq qorlarni
Quvib-quvib xo‘p yeldi.
Bizga uzoq o‘rmondan
Archa mehmonga keldi.

Qorbobomiz ko‘p yaxshi,
Bizga sovg‘a keltirar.
Chiroqlarning nurida
O‘yinchoqlar yaltirar.




# НОТА МЕНЕН ЫРДАЙБЫЗ

## Жаңырык (эхо)

Мугалим: 

Окуу-
чулар: 

## Ноталарды кол чабуу менен санашты үйрөнөбүз








«Yomg‘ir yog‘aloq» ырын адегенде сөздөрү менен, кийин нотанын аттары менен ырдайбыз.

**Ылдам**



## Суроолор

1. Жеке аткаруучу деп эмнеге айтылат?
2. Аткаруучулар ансамбли кандай болот?
3. Эки сегиздик нота канча чейрек нотага тең?
4. «Мектебим» ырынын музыкасын ким жазган?

Экинчи чейректе үйрөнүлгөн кайсы ырлар силерге көбүрөөк жакты?






Күү ар кандай музыканын негизи. Күү түрдүү бийиктиктеги жана узундуктагы музыкалык добуштардын жыйындысынан пайда болуп кандайдыр бир маанинин мазмунун сүрөттөйт. Обондуулук күүнүн негизги уйкаштыгы болот. Күү кандайдыр бир аспапта же үндө аткарылат.

«Mahallada duv-duv gap» кинофильминен күү уккула.



## Ырды ырдайбыз

# САПАРГА

Сөзү, музыкасы *А. Малдыбаевдики*

**Марш темпинде**




Келгиле, достор,
Келгиле, достор,
катарга!
Кол кармашып,
Катар басып,
Паркка барчу
сапарга!

Тартипке көнүп,
Бардыгын көрүп
кайтабыз.
Жүргөндөрдү,
Көргөндөрдү,
Апабызга айтабыз.

Этият болуп,
Эжеге көнүп сапарда,
Аңкоо болбой,
Сактыкты ойлой.
Катарыңдан адашпа,
Катарыңдан адашпа!

# ТАКТ СЫЗЫГЫ



Силер билген ырлардагы сыяктуу музыкада да күчтүү, башкача айтканда басымдуу добуштар болот. Нота сызыгында жазылган басымдуу добуштардан мурда жазылуучу тик сызыкча ТАКТ СЫЗЫКЧАСЫ деп айтылат.




Эки басымдуу добуш аралыгындагы күү бөлүгү ТАКТ деп аталат.




ТАКТылар эки чейрекке барабар болгон түрдүү созулуштагы ноталардан түзүлүшү мүмкүн. Мындай тактылар бир-эки деп саналат.

Такт өлчөмүн көрсөтүүчү сандар болсо, ачкычтан кийин жазылат:


# КҮҮДӨ ЭМНЕЛЕР ТУЮНТУЛАТ?

## Музыка угабыз

### SHOHI SO‘ZANA

Музыкасы *А. Мухамедовдуку*

**Көңүлдүү**





**Ырды угабыз**

# ЖАШЫНМАК

Сөзү *М. Мокаевдики*   Музыкасы *Ж. Малдыбаеванык*ы

**Жандуу**





Кызык оюн баарынан,
Күндө ойноочу жашынмак.
Кайсалабай ар жерди,
Табуу керек бачымдап.

Байкап калып жоругун,
Балдар күлөт Калыкка.
“Мен жокмун” – деп кыйкырат,
Жатып алып арыкка.

# УСУЛ БЕРИП НОТАЛАРДЫ САНАШТЫ ҮЙРӨНӨБҮЗ

Жазылган көнүгүүлөргө алгач «бак-бум» сөз муундарын ооздо айтып, кийин стол-дун четинде бармактар менен усул берип коштойбуз.








*Шермат Ёрматов*

*(1939)*

Өзбекстан эл артисти, балдардын сүйүктүү композитору Шермат Ёрматов көп жылдардан бери жаш ырчыларга искусствонун сырларын үйрөтүп келүүдө. Устаттын өзү уюштурган жана жетекчилик кылып келе жаткан «Bulbulcha» балдар хору республикабызда гана эмес, көптөгөн чет өлкөлөрдө өзбек балдар ырчылык искусствосун жайылтып келүүдө.

Шермат Ёрматов «Oymomojon rom bo‘ldi», «G‘ildiragim», «Sog‘lom avlod qo‘shig‘i» сыяктуу ондогон балдар ырларын жараткан.

## Ырды угайбыз

# ЭЛКИН ТОО

*Элдик ыр*

**Орточо, жай**




Элкин да, элкин, элкин тоо да,
Элкин бир тоого мен чыксам да.
Элеси эрдин көрүнөт да,
Элирип(а) акыл-ой өскөн да,
Энеси да жердин көрүнөт.

Элкин да, элкин, элкин тоо да,
Элкин бир тоого мен чыксам да.
Элеси кыздын көрүнөт да,
Ээрчишип(а) ойноп бир өскөн да,
Элеси да элдин көрүнөт.

**Ырды ырдайбыз**

# SOG‘LOM AVLOD QO‘SHIG‘I

Сөзү *С. Барнаевдики* Музыкасы *Ш. Ёрматовдуку*

**Орточо ылдам**



## Кайталоо белгиси жөнүндө түшүнүк

### Музыка угабыз

# GULBAHOR

*Өзбек элдик күү*

**Орточо ылдам**






## Ырды ырдайбыз

# ЖАЗГЫ УБАК

Сөзү *Б. Сарногоевдики* Музыкасы *Т. Чокиевдики*




Кыш кеткенде жаз чыгат,
Жаз алдында ким турат?
Бардык жерде байчечек,
Баш чыгарып кылтыят.
*Аюу чыгып чээнинен,*
*Оозун ачып дуңкуят.*

Кыш кеткенде жаз чыгат,
Жаз алдында ким турат?
Көз айнегин жара тээп,
Булак оргуп булкунат.
*Калың кара чыйырчык,*
*Учуп келет чуркурап.*




Ыр же музыкалык чыгарманын кайсы бир бөлүгү эки жолу кайталанып аткарылса, кайталоо (реприза) белгисинен пайдаланылат.

Төмөнкү ырды үйрөнүү аркылуу кайталоо белгисин жакшы өздөштүрүп аласыңар.

## UXLAB TURDIM

Сөзү И.Муслимдики Музыкасы *Ф.Назаровдуку*



# Тоника жөнүндө түшүнүк

**Музыка угабыз**

## OLMACHA ANOR

*Өзбек элдик күү*

**Көңүлдүү**





# NAVRO‘ZIM — SHO‘X SOZIM

Сөзү *Х.Рахматовдуку* Музыкасы *Н.Нархожаевдики*

**Орточо ылдам**




Navro‘z keldi kulib-kulib,
Bog‘-u dalam gulga to‘lib,
Qushlar sayrar juft-juft bo‘lib.

К а й ы р м а :

Navro‘zim, o‘z so‘zim,
Shod ovozim, sho‘x sozim.

Navro‘zimni sevar jahon,
Ona diyor hur guliston,
Kundan kunga zavqli davron.

К а й ы р м а



# ТОНИКА

ТОНИКА — ырдын эң туруктуу добушу.
Ар бир ырда ТОНИКА добушу бар.
Ыр тоника добушу менен бүтөт.
Көнүгүүлөрдү көңүл коюп уккула жана ТОНИКА добушун тапкыла.

«До» бул көнү гүүнүн ТОНИКА добушу.



Бул көнүгүүнү нотанын аттарын айтып мугалим ырдайт.
Акыркы ТОНИКА добушун окуучулар ырдашат.



Өзүңөр үйрөнгөн «Мектебим», «Сапарга» ырларынын ТОНИКА добушун тапкыла жана нотанын аттарын айтып бергиле.

## Суроо жана тапшырмалар

1. Күү кандайча пайда болот?

2. Реприза деген эмне?

3. Композитор Шермат Ёрматовдун кандай ырларын билесиңер?

4. Бул чейректе дагы кандай жаңы аспаптар менен тааныштыңар?

5. Тоника күүнүн кандай добушу болуп эсептелинет?

6. Силерге көбүрөөк музыка уккан жагабы же ырдаганбы?


7. Үчүнчү чейректе силерге жаккан ыр жана күүлөрдү айтып бергиле.





# МУЗЫКАНЫН КОЛДОНУЛУУЧУ ЫКМАЛАРЫ






**«Жонон»** күүсүн шаңдуу темпте уккула.

Музыкасы *М. Мирзаевдики*



Эми ушул күүнү оор темпте угуп көргүлө.



## Ырды угабыз

# LAYLAK KELDI

*Өзбек элдик күү*

**Салмактуу**






Ырды ырдайбыз

# ОКУУ, ОКУУ

Сөзү *А. Токомбаевдики* Музыкасы *Н. Давлесовдуку*






4 – МУЗЫКА, 2-класс

# УККУЛА, БАЙКАГЫЛА, ТАПКЫЛА

Мугалим бул эки мисалдан кайсы бирин ойноду?




Мугалим бул эки мисалдан кайсы бирин ырдады?

1



2



Бул мисалдан эң бийик жана эң төмөн добушту тапкыла:



Бул мисалдагы обондун акыркы жетпей жаткан добушун тапкыла:





*Надым Нархожаев*

*(1947)*

Балдардын сүйүктүү композитору Надым Нархожаев өзүнүн түрдүү-түстүү ырлары менен республикабыздын музыка дүйнөсүнө кирип келди.


Композитордун «Chamandagi gullarmiz», «Yaxshi bola», «Gullar manim kulganim», «O‘zbegimdan aylanay!» сыяктуу ырларын балдар сүйүп ырдашат.

## Музыка угабыз

# VARRAGIM

Музыкасы *Н. Нархожаевдики*

**Ылдамыраак**






## Ырды ырдайбыз

# HAKKALAR

Сөзү *Н. Арифжановдуку*

Музыкасы *Н. Нархожаевдики*

**Куунак**




Shoshqaloqlab
tumshug‘in
Siz tomonga tutadi.
Hali yosh, yo‘l-yo‘rig‘in
Topmay najot kutadi.

Uni boqish farzingiz,
Yurmang muncha
hakkalab.
Boshqalardan farqingiz
Yengiltaksiz, hakkalar.

Ola qanot
hakkalar,
Shoxdan shoxga
qo‘nasiz.
Chig‘irchig‘lab
nima(ni)dir
Izlab topgan
bo‘lasiz.

# МАЖОР ЖАНА МИНОР



Адатта ырлар да, күүлөр да эки түрдүү жаңырган добушта чыгат. Бири куунак, шаңдуу добушта болсо, башкасы жумшак жана муңдуу угулат.

Куунак жаңырган күүлөр МАЖОР тоналдык түзүлмөдө болот.

Муңдуу угулган күүлөр болсо МИНОР түзүлмөдө болот.

Мажор түзүлмөдөгү күүдөн үзүндү уккула:



Эми ушул түзүлмөдөгү үч үндүктү аткаргыла:






Минор түзүлмөдөгү күүдөн үзүндү уккула:



Эми ушул түзүлмөдөгү үч үндүктү аткаргыла:







*Дирарам Амануллаева*
*(1959)*

Композитор Диларам Амануллаеванын көп кырдуу чыгармачылыгынын көбү балдарга арналган. Анын «Alifbe qo'shiqlari», «Topishmoq qo'shiqlar» деп аталган ырлар жыйнагы жана «Etikcham», «Humo qushim», «Aziz bo'ston – O'zbekiston», «O'zbek elim — bek elim», «Diloromning qo'shig'i» сыяктуу көптөгөн ырлары окуучу-жаштар арасында белгилүү.

## Ырды ырдайбыз

# ГҮЛДЕСТЕ

Сөзү *Ж. Жапиевдики*
Музыкасы *Ж. Малдыбаеванықы*

**Жайдары**




Гүлдесте теремин,
Апама беремин.
Ал менин майрамга
Арнаган белегим.


Жүр, тоого барабыз,
Гүл терип алабыз.
Баарыбыз бул күндө,
Бактылуу балабыз.



# АСПАПТАР МЕНЕН ТААНЫШКЫЛА



Гижжак



Кошнай



Афган рубабы



Танбур



*Аваз Мансуров*

*(1957)*

Аваз Мансуров окуучу-жаштардын сүйүктүү композиторлорунун бири. Анын ырлары өзүнүн түрдүү-түстүү мазмуну менен, обонунун сүйкүмдүүлүгү жана жагымдуулугу менен жаш ырчылардын жүрөгүнөн орун алган.

Композитордун «Muzqaymoq», «Bolarilar», «Kitob mening do‘stimdir», «Istiqlolim» сыяктуу ырлары бар.

# КӨРЧҮ КӨЛҮМ ЭҢ СОНУН

Сөзү *И. Мансуровдуку* Музыкасы *А. Малдыбаевдики*




Жээкке толкун чачырап
Кел дегендей чакырат.
Жыты жыпар таңкы жел а,
Тоодон согот керимсел.

Тунук тартып көрүнөт а,
Мелтиреген Ысык-Көл.
Жээкке толкун чачырап а,
Кел дегендей чакырат.

## Ырды угабыз

# MUZQAYMOQ

Сөзү *Х. Каюмовдуку* Музыкасы *А. Мансуровдуку*




Muzqaymog‘im hozir ham
Eridi-yu, yo‘qoldi.
Lekin totli mazasi
Mening og‘zimda qoldi.
Muzday muzdek
muzqaymoq,
Sutday oppoq soz qaymoq.



# ДИРИЖЁРЛУКТУ ҮЙРӨНӨБҮЗ

Музыка сабагында топ (хор) болуп ырдаганыңарда, мугалимиңердин кол аракеттери менен дирижёрлук кылышын билесиңер. Дирижёр хорду кол аракеттери менен башкарат.

Силер да дирижёрлук аракеттерин үйрөнгүлө.

Ыр түрдүү өлчөмдө болушуна карата дирижёрдун кол аракеттери да түрдүүчө болот. Мисалы, «бир-эки», деп саналуучу эки чейректүү өлчөмдөгү ырга, дирижёр колдорун ылдыйга жана жогоруга карай аракеттендирет.

«Бир» дегенде оң кол жогорудан ылдыйга түшүрүлөт:



«Эки» дегенде кол ылдыйдан жогоруга көтөрүлөт:




Демек, «бир-эки» дегенде төмөнкүдөй дирижёрлук кылынат:



Эми эки чейректүү өлчөмдөгү ырларды өзүңөр дирижёрлук кылганга үйрөнгүлө.

# НОТАГА КАРАП ЫРДАГЫЛА

Сөз муундары ар бир нотада келиши мүмкүн.







Эки нота бир сөз муунунда келиши мүмкүн.

Мындай абалда ноталар жаа – лига ‿ белгиси менен байланышат жана дем алууну токтотпостон аткарылат.




Бир сөз мууну эки жана андан артык ноталарда келиши да мүмкүн.




Бул көнүгүүлөрдү аткарганда, биринчи жана экинчи мисалда, ноталардагы сөз муундарынын так, анык чыгышына көңүл бургула. Үчүнчү жана төртүнчү мисалдарды аткарганда, добуштарды бири-бирине байланыштырып аткаргыла.

## Суроолор

1. Композитор А.Мансуровдун «Muzqaymoq» ырында эмне чагылдырылган?

2. Мажор жана минорду бири-биринен кандай айырмалоо мүмкүн?

3. Эки чейрекке кандай дирижёрлук кылынат?

4. Музыкадагы кандай колдонулуучу ыкмаларды билесиңер?

5. «Көрчү көлүм эң сонун» ырынын мазмунунда эмне сүрөттөлгөн?

6. Кандай элдик ырларды билесиңер?

7. Бул чейректе кайсы композиторлор менен тааныштыңар?

8. Бул чейректе үйрөнгөн жана уккан кандай чыгармалар силерге көбүрөөк жакты?



## Музыка угабыз

# GULXAN

*Д. ЗАКИРОВ* кайта иштеген




Күүгө ылайыктуу аракеттерди таап, ага коштоочу болгула.

# КӨПӨЛӨК

Сөзү *А. Токтомушевдики* Музыкасы *Б. Бейшеналиевдики*

**Көңүлдүү**




Кон, коногой, көпөлөк,
Тоонун гүлү өсө элек,
Төргө килем төшөлүп,
Элдин малы көчө элек.

Бириң кызыл, бириң ак,
Канатыңда темгил так.
Гүлгө консо жарашкан,
Татынакай боюң чак.

Биздин жердин гүлү көп,
Жайнап турат күлүңдөп.
Кон, коногой, көпөлөк,
Учуп кетпей көкөлөп.

# ЫРДАГЫЛА, УККУЛА, ЭСТЕГИЛЕ, ТАПКЫЛА

Төмөнкү күүлөрдөн өзүңөргө тааныш болгон ырларды тапкыла жана нота менен ырдагыла.









Ырдаган ырларыңарды жана уккан күүлөрүңөрдү дайыма эсиңерде сактагыла.

## Ырды ырдайбыз

# КҮН БАЛДАРЫ

Сөзү *Ж. Мамытовдуку* Музыкасы *К. Эралиеваныкы*




Ошол нурдан Күн уулунун,
Жаркын турду маанайы.
Ар бир бала бул жарыкта,
Энесинин таалайы.

Күнү бою Күн балдары,
Нурга боюн тараштары.
Алар менен батар Күндү,
Жалооруша караштары.

# XORAZM LAZGISI

*Хоразм элдик күү*



# МАЗМУНУ

Өзбекстан Республикасынын Мамлекеттик гимни.
Сөзү *А. Ариповдуку,*
музыкасы *М. Бурхановдуку* ....................................*3*
Ырдоо эрежелери..................................................5
Vatanjonim – Vatanim. Сөзү *П. Момундуку,*
музыкасы *Д. Амануллаеваныкы*...............................6
Кайталоо...........................................................7
Usmoniya *Өзбек элдик күү*......................................8
Кандай добуштарды билесиңер?................................9
Жеке аткаруучулук..............................................10
Мектебим. Сөзү *Т. Тыныбековдуку,*
музыкасы *М. Абдраевдики*.................................... 11
Ноталардын бөлүнүшү..........................................12
Коштоочулук.......................................................13
Мамалак. Сөзү *К. Урманбетовдуку,*
музыкасы *С. Момбековдуку*.................................... 15
Нота сызыгында жайгашкан ноталар......................16
Ota-onalarga Сөзү *Е. Рахимовдуку*
музыкасы *Г. Кадыровдуку* ......................................17
Таранчы Сөзү *А. Рыскуловдуку,*
музыкасы *Э. Сасыбаевдики*...................................18
Суроо жана тапшырмалар .....................................20
Аткаруучулар ансамбли .........................................21
Farg'onacha. *Өзбек элдик күү*.................................21
Kitobim qo'limdaСөзү *П. Момундуку ,*
музыкасы *Н. Нархожаевдики*................................. 22
Ноталардын созулушунун саналышын үйрөнөбүз........23
Yurtim chiroyli. Сөзү *П. Талибдики,*
музыкасы *Н.Нархожаевдики*..................................25
Аспаптарды айырмалагыла....................................26
Archabayrami Сөзү *А.Рахматовдуку,*
музыкасы *Ик. Акбаровдуку*....................................28
Нота менен ырдайбыз...........................................29

Суроолор.........................................................30
Күү................................................................ 31
Сапарга. Сөзү, музыкасы *А. Малдыбаевдики*...........32
Такт сызыгы...................................................33
Жашынмак Сөзү *М. Мокаевдики,*
музыкасы *Ж. Малдыбаеваныкы*................................35
Усул берип ноталарды санашты үйрөнөбүз ...............36
Шермат Ёрматов...............................................37
Элкин тоо. *Элдик ыр*...........................................38
Sog‘lom avlod qo‘shig‘i. Сөзү *С. Барнаевдики,*
музыкасы *Ш. Ёрматовдуку*....................................... 39
Gulbahor. *Өзбек элдик күү*.....................................40
Кайталоо белгиси. (Реприза).................................41
Тоника жөнүндө түшүнүк........................................43
Navro‘zim – sho‘x sozim. Сөзү *Х.Рахматовдуку,*
музыкасы *Н.Нархожаевдики*.................................. 44
Суроо жана тапшырмалар......................................46
Музыканын колдонулуучу ыкмалары ........................47
Laylak keldi. *Өзбек элдик күү*..................................48
Уккула, байкагыла, тапкыла.....................................50
Надым Нархожаев..............................................51
Varragim. музыкасы *Н. Нархожаевдики*.................. 52
Мажор жана минор........................................... 54
Дcircularам Амануллаева ...................................... 55
Аспаптар менен таанышкыла..................................57
Аваз Мансуров ................................................. 58
Muzqaymoq. Сөзү *Х.Каюмовдуку,*
музыкасы *А. Мансуровдуку*..................................... 60
Дирижёрлукту үйрөнөбүз...................................... 61
Нотага карап ырдагыла.........................................62
Суроолор.........................................................63
Gulxan. Д. Закиров кайта иштеген.............................64
Көпөлөк. Сөзү *А. Токтомушевдики,*
музыкасы *Б. Бейшеналиевдики*................................ 65
Ырдагыла, уккула, эстегиле, тапкыла.........................66

HAMIDULLA NURMATOV, NADIM NORXO‘JAYEV

# MUSIQA

**2-sinf uchun darslik**

(Qirg‘iz tilida)

Qayta ishlangan 6-nashri

Которгон *Р.Жуманазарова*
Редактору *С.Назаров*
Көркөм редактору *Ш.Мирфаёзов*
Техникалык редактору *Х.Хасанова*
Компьютерде даярдаган *У.Валижонова*

Басма лицензиясы AI № 290. 04.11.2016.
Басууга 17.05.2018 ж. уруксат этилди. Форматы $70x100^1/_{16}$.
Кегли 16. Прагматик гарнитурасы. Офсеттик басма.
Шарттуу басма табак 5,85. Басма т. 6.
Нускасы 717 . Заказ № 316.

Өзбекстан басма сөз жана кабар агенттигинин
Гафур Гулам атындагы басма-полиграфиялык чыгармачылык
үйүндө басылды. 100128. Ташкент,Лабзак көчөсү,86.

**Биздин интернеттеги дарегибиз: www.gglit.uz**
**E-mail: info@gglit.uz**

## Ижарага берилген окуу китебинин абалын көрсөтүүчү жадыбал

| № | Окуучунун аты, фамилиясы | Окуу жылы | Окуу китебинин алынгандагы абалы | Класс жетекчисинин колу | Окуу китебинин тапшырылгандагы абалы | Класс жетекчисинин колу |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | | | | | | |
| 2 | | | | | | |
| 3 | | | | | | |
| 4 | | | | | | |
| 5 | | | | | | |
| 6 | | | | | | |

Окуу китеби ижарага берилип, окуу жылынын аягында кайтарып алынганда жогорудагы жадыбал класс жетекчиси тарабынан төмөнкү баалоо критерийлеринин негизинде толтурулат.

| | |
|---|---|
| Жаны | Окуу китебинин биринчи жолу пайдаланууга берилгендеги абалы. |
| Жакшы | Мукабасы бүтүн, окуу китеби негизги бөлүгүнөн ажыраган эмес. Бардык барактары бар, жыртылбаган, беттеринде жазуу жана сызыктар жок. |
| Канааттандырарлык | Мукабасы эзилген, жыртылган, окуу китебинин негизги бөлүктөн ажыралуу абалы бар, пайдалануучу тарабынан канааттандырарлык даражада калыбына келтирилген. Кээ бир беттерине сызылган. |
| Канааттандырарлык эмес | Мукабасы чийилген, жыртылган, негизги бөлүгүнөн ажыраган же бүтүндөй жок, канааттандырарлык даражада калыбына келтирилбеген. Беттери жыртылган, барактары жетишсиз, чийипбоёп ташталган. Окуу китебин калыбына келтирүүгө болбойт. |